**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алуу боюнча Д 13.23.662 диссертациялык кеңештин эксиерти, педагогика илимдеринин доктору, профессор А.Т. Калдыбаеванын 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы: 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиктери боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Ибирайым Кызы Айжандын «Негизги мектепте электрондук окутуунун теориясы жана технологиясы» деген темадагы диссертациясына**

## КОРУТУНДУСУ

Эксперт, изденүүчү Ибирайым Кызы Айжандын «Негизги мектепте электрондук окутуунун теориясы жана технологиясы» деген темадагы диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Ибирайым Кызы Айжан тарабынан даярдалып сунушталган кандидаттык диссертация И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алуу боюнча Д 13.23.662 диссертациялык кецештин профилине туура келет.

Диссертациялык иште 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы: 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиктеринин паспортунун 2, 3 жана 5 пунктарынын талаптарына толугу менен жооп берүүчү жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүн үй-бүлөлүк турмушка даярдоо маселесинде педагогикалык шарттарын аныктоону иштеп чыгууга байланыштуу изилдөөлөр жүргүзүлгөн.

**2. Изилдөөнүн максаты** – негизги мектептеги электрондук окутуунун илимий-теориялык жана методологиялык негиздерин аныктоо, аны ишке ашыруунун теориялык моделин иштеп чыгуу жана анын натыйжалуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү менен практикалык сунуштарды иштеп чыгуу деп белгилеген.

**3. Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Негизги мектепте электрондук окутуунун илимий-теориялык негиздери, учурдагы абалы жана өнүгүү келечеги тууралуу илимий-изилдөөлөрдү системалаштыруу;

2. Электрондук окутууну изилдөөнүн методологиясын, материалдарын жана методдорун аныктоо;

3. Негизги мектепте электрондук окутуунун теориялык жана практикалык аспектилериң камтыган концептуалдык негиздерин иштеп чыгуу, анын билим берүү процессиндеги ордун жана педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн илимий негиздөө;

4. Негизги мектепте электрондук окутуунун педагогикалык шарттарын, теориялык моделин жана ишке ашыруу технологиясын иштеп чыгуу;

5. Негизги мектепте электрондук окутуунун теориялык моделинин эффективдүүлүгүн педагогикалык экспериментте текшерүү, натыйжалуулугун аныктоо жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Диссертациялык иштин милдеттери негизинен изилдөөнүн максатына илимий жол менен жетүүгө, коюлган илимий божомолду туура чечүүгө жана ишке ашырууга багытталып алынган.

**Изилдөөнүн объектиси:** негизги мектептеги окуу процесси.

**Изилдөөнүн максаты:** негизги мектептеги электрондук окутуунун илимий-теориялык жана методологиялык негиздерин түзүү, аны ишке ашыруунун теориялык моделин иштеп чыгуу жана анын натыйжалуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү менен практикалык сунуштарды иштеп чыгуу болуп саналат. Изилдөөнүн обьектиси диссертациянын максатына жетүүгө жана коюлган милдеттерине ылайыктуу туура алынган.

Изденүүчү тарабынан, диссертациялык изилдөө ишинин максатына жетүү жана милдеттерин ишке ашыруу үчүн педагогика илиминин негизги изилдөө методдорунан болгон баардык теориялык жана эмпирикалык изилдөө методдору, ошондой эле жалпы логикалык, тарыхый-салыштырма, структуралык жана социологиялык методдору кеңири колдонулуп, изилдөө иштери аткарылган. Изилдөө методдорун колдонуу менен алынган илимий жыйынтыктар соңунда педагогикалык эксперимент жүргүзүү менен текшерилип, эксперименталдык материалдардын ишенимдүүлүгү текшерилип, алынган жыйынтыктардын эффективдүүлүгү аныкталган.

Электрондук окутуу боюнча илимий изилдөөлөрдү анализдөө менен электрондук окутууга байланыштуу негизги түшүнүктөр, алардын

айырмачылыктары, артыкчылыктары белгилленгендиги, билим берүү системасындагы электрондук окутуунун өнүгүү тарыхы иликтленгендиги.

Негизги мектепте электрондук окутуунун концептуалдык негизи аныкталды, ЭОнун билим берүү процессиндеги орду жана педагогикалык мүмкүнчүлүктөрү илимий негизделгендиги, электрондук окутуунун келип чыгуу өбөлгөлөрү аныкталды жана Кыргызстандын негизги мектептеринде электрондук окутуунун практикалык абалы талданып, проблемалары белгиленгендиги, мектепте электрондук окутуу проблемаларын чечүүнүн перспективдүү багыттары такталгандыгы, электрондук окутуунун теориялык модели иштелип чыкты. ЭОну ишке ашыруунун педагогикалык шарттары, методикасы жана жолдору иштелип чыккандыгы, электрондук окутууну ишке ашыруу боюнча иштелип чыккан моделдин, технологиянын эффективдүүлүгү эксперименталдык жактан текшерилип коюлган божомолдун далилендигин бул излдөөнүн натыйжалуулугун далилдейт..

**4.Илимий натыйжалар.**

Диссертациялык иште билим берүүнүн теориясы, методикасы жана практикасынын өнүгүүсү үчүн жогорку мааниге ээ болгон төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы теориялык жана практикалык натыйжалар алынган:

**1-натыйжа.** Негизги мектепте электрондук окутуунун илимий-теориялык негиздери, учурдагы абалы жана өнүгүү келечеги тууралуу илимий-изилдөөлөрдү системалаштыруу;

2-**натыйжа.** Электрондук окутууну изилдөөнүн методологиясын, материалдарын жана методдорун аныктоо;

3-**натыйжа.** Негизги мектепте электрондук окутуунун теориялык жана практикалык аспектилерин камтыган концептуалдык негиздерин иштеп чыгуу, анын билим берүү процессиндеги ордун жана педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн илимий негиздөө;

4-**натыйжа.** Негизги мектепте электрондук окутуунун педагогикалык шарттарын, теориялык моделин жана ишке ашыруу технологиясын иштеп чыгуу;

5-**натыйжа.** Негизги мектепте электрондук окутуунун теориялык моделинин эффективдүүлүгүн педагогикалык экспериментте текшерүү, натыйжалуулугун аныктоо жана практикалык сунуштарды иштеп чыгу

Алынган илимий натыйжалардын илимий жаңылыгы жана баалуулугу, илимий натыйжалардын алынышы жана алардын талдалышы, аргументтелип берилиши негиздүү жана квалификациялык белгилерге туура келет.

**6.** Изилдөөдөн алынган натыйжаларды мектептерде электрондук окутууну ишке ашыруунун стратегиясын иштеп чыгууда, илимий-теориялык негиздерин, практикалык жолдорун аныктоодо багыт берүүчү каражат катары колдонууга болот. Изилдөөнүн жыйынтыктары мектептерде электрондук окутууну ишке ашыруу, электрондук материалдарды түзүүнүн теориялык жана практикалык мазмунун, нормативдик базасын байытууга мүмкүндүк түзө алат. Изилдөөдөн алынган натыйжаларды, тажрыйбаларды негизги мектептерде ЭОну уюштуруу практикасында, мугалимдердин кесипчилигин жогорулатуу курстарында, болочок мугалимдерди даярдоодо пайдаланууга болот.

**7. Автореферattын диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Изденүүчү **Ибирайым Кызы Айжандын** диссертациялык ишинин авторефератынын жазылышы, изилдөө материалдарынын кыскартылып түшүнүктүү берилиши жана жыйынтыктоочу ой-пикирлери диссертациянын мазмунуна дал келет.

**8. Диссертацияда орун алган айрым мүчүлүштүктөр:**

1. Биринчи глава «Электрондук окутуу илимий изилдөө предмети катары» деп аталып, төмөндөгү маселелердин чечилишин кароого мүмкүндүк берип, ар кандай көз караштарды талдап, электрондук окутуунун аныктамасын тагыраак бердик деп жазылганы менен автордук аныктама так ачыкталбай калган.

2. Диссертациянын башынан аягына чейин дистанттык окутуу менен электрондук окутуунун айырмачылыктарын, электрондук окутуунун артыкчылыктары бегилене. Андан да талаш жарата турган нерсе диссертанттын бул түшүнүктөр коомчулук тарабынан синоним сөз катары каралып келген деген ою орусуз деп эсептеймин. Ушул ойду четке кагуу докторлук диссертацияда негизги милдет болуусу зарыл, же коомчулук туура эмес оюн далилдөө керек. Бирок бул иш илимий иш болгондуктан мындай туура эмес салыштырууну алып салса болот.

3 Кыргызстандын мектеп билим берүүсүндө электрондук окутуунун практикалык абалы талданып, негизги проблемалары аныкталган. Мына ушул жерде бул докторлук диссертациянын илимдеги ачылыш катары төмөнкүлөрдү белгилеп кетсе туура болмок деп эсептейбиз:

1. **Жаңы теориялык моделдин иштеп чыгылышы**: орто мектеп окуучуларынын жаш өзгөчөлүктөрүн жана психологиялык-педагогикалык өзгөчөлүктөрүн эске алган оригиналдуу электрондук окуу концепциясынын түзүлүшү.

2. **Педагогикалык шарттарды аныктоо**: мектеп окуучуларына электрондук окууну натыйжалуу ишке ашырууга көмөктөшкөн уникалдуу шарттардын жана факторлордун аныкталышы, анын ичинде технологияларды салттуу ыкмалар менен интеграциялоо.

3. **Инновациялык технологияларды түзүү**: окуучулардын окууга болгон кызыгуусун жана жетишкендиктерин жогорулатууну камсыз кылган санариптик куралдардын, методдордун иштеп чыгылышы.

Бул аспекттер илимий жаңылык, практикалык маанилүүлүк жана билим берүү практикасына киргизүү мүмкүнчүлүгү менен далилдениши керек.

Изилдөөнүн экинчи главасы «Электрондук окутуу маселесин изилдөөнүн методологиясы жана методдору» деп аталып, мында негизги мектепте электрондук окутуунун концептуалдык маселелери талданган. Мында мектепте электрондук окутуунун концепциясы аныкталды деген тезис далилдөөнү талап кылат. Диссертант концепция катарында өбөлгөлөрдү атап кеткен: компоненттер, функциялар, мамилелердин негизги жоболору. принциптер изилдөөнүн бир катар каражаттары жана 15 методдорун колдонулган, бирок бул методдордун колдонулушу толук ачыкталбай калган. Илимий изилдөө методдорун кыскартуу керек.

«Орто мектепте электрондук окуунун теориясы жана технологиясы» темасы боюнча концепциянын негизги идеяларын: компетенттүүлүккө багытталган мамиленин алкагында электрондук окуунун мазмунун иштеп чыгуу, окутуу процессинде электрондук окуу платформаларын, интерактивдүү куралдарды, жана мультимедиялык ресурстарды колдонуу, баалоо жана кайтарым байланыш үчүн санариптик инструменттерди интеграциялоо маселелерин өркүндөтүү маселелерин аныктоо десе болот.

Изилдөөнүн үчүнчү бапы «Негизги мектепте электрондук окутуунун педагогикалык шарттары, модели жана ишке ашыруу жолдору» деп аталып, мында төмөндөгүдөй изилдөө электрондук окутуунун 6 педагогикалык шарттары аныкталган. Педагогикалык шарттар конкреттүү этиштерди колдонууну талап кылат, мисалы мындай түрдө жазууну сунуштаймын: Мугалимдердин санариптик сабаттуулугун жана компетенттүүлүгүн жогорулатуу. Электрондук окуу материалдарын иштеп чыгуу жана сынап көрүү. Окуучулардын мотивациясын жана өз алдынча иштөө жөндөмүн колдоо.

Негизги мектепте электрондук окутууну уюштуруунун моделин кайрадан түзүп чыгууну сунуштай, себеби диссертацияда орун алган көктөгөн баалуу идеялар кирбей калган.

Электрондук окутуунун методикасы катары мектепте электрондук окутуунун методикасынын компоненттери берилип калган. Бул жерде бул заманбап методдордун, коммуникациялык технологиялардын каражаттарын жана мугалимдин заманбап ишмердүүлүгүн терең ачыктоо керекю

Төртүнчү бапка корутунду Диссертациянын бул бөлүмү «Педагогикалык эксперимент жана анын натыйжаларын талдоо» деп аталып, төмөндөгүдөй жыйынтыктар алынган. Мектепте электрондук окутуунун эффективдүүлүгү далилденди. Мектепте электрондук окутууну ишке ашырууга карата методикалык берилген сунуштар: инфраструктураны эске алуу жана жабдуулар менен камсыздоо; мугалимдерди даярдоо жана аларды колдоо; окуу контенттерин түзүү; окутуунун методикасын жаңылоо; баалоо жана талдоо; этиканы жана коопсуздукту эске алуу; ата-энелердин катышуусу жана коомго ачык маалымат берүү докторлук диссертация үчүн абдан эле жупуну болуп калган. Кайрадан карап чыгууну сунуштайм.

9. **Практикалык сунуштарды** диссертациялык иштин милдеттерине ылайыктуу жазып, адрестүү берүү керек. Диссертациялык изилдөөлөрдүн негизинде даярдаган практикалык сунуштар үстүртөн болуп калган. Практикалык сунуштар кайрадан такталып, толукталып жана илимий-методикалык жактан байытылып берүүнү талап кылат.

10. Диссертация жана автореферattын текстинде орфографиялык жана стилистикалык каталар абдан көп, сүйлөмдөрдү илимий мазмунда түзүүдөгү кемчиликтерге жол берилип калган. Ар түрдүү түшүнүктөр колдонулат: бир жерде бап, экинчиснде бөлүм деген терминдер пайдаланган. Резюме туура эмес формада жазылган: изиддөөнүн методдору жазылган эмес. Колдонуу боюнча сунуштар. Пайдалануу чөйрөсү деген пункттар орун алган эмес.

**10. Сунуштар.**

Негизинен диссертациялык иш илимий жактан талап кылынган деңгээлде даярдалган. Биздин оюбузча диссертациянын баптарынын корутундулары жана илимий эмгектин жалпы корутундулары эмгектин максатына, милдеттерине жараша кайрадан редакцияланып, так жана негиздүү илимий тилде жыйынтыкталып берүүнү талап кылат. Корутундулар изилдөөнүн милдеттерине жана аткарылган изилдөөлөрдүн жыйынтыктарына карата так жооп ирээтинде берилсе жана илимий мазмундуу сүйлөмдөр менен редакцияланып иштелип чыгып түзүлсө, диссертациялык иштин баалуулугу жогору болот.

Диссертацияда орун алып калган айрым татаал, бир канча ойлорду камтыган сүйлөмдөрдү кайрадан карап чыгуу жана жөнөкөй түшүнүктүү тилде

берүү туура болот; диссертациянын сүйлөмдөрүнүн мазмунун мүмкүн болушунча илимий тилде жана стилде берилишине көңүл буруу керектиги сунушталат.

**11. Корутунду.**

Диссертациялык кеңештин эксперти И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыгыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алуу боюнча Д 13.23.662 диссертациялык кеңешине 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы: 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнүн маалыматташтыруу) адистиктери боюнча берилген Ибирайым Кызы Айжандын «Негизги мектепте электрондук окутуунун теориясы жана технологиясы» деген темадагы диссертациясын алдын ала коргоого кабыл алууга сунуштоого болот, бирок айтылган сын пикирлерди оңдоп чыгуу керек.

**Эксперт:**
педагогика илимдеринин доктору,
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин
профессору Калдыбаева А.Т.

Эксперт А.Т. Калдыбаеванын колун тастыктайм:
Кадрлар бөлүмүнүн башкы инспектору Сатыбалдиева Г.

Эксперт А.Т. Калдыбаеванын кол тамгасын тастыктайм. Дискеңештин окум. катчысы Абдыкапарова А.О. 09. 01. 2025-ж.

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ